# ЗАМША БОЕК.

Жалтырабаган жасалга боегу, замша туспол кылып сырдоо учун колдонулат. Ички дубалдарды, шыптарды, жыгачтан ж.б. жасалгаларды(Лепнина, карниз, молдинг), жана эмеректерди сырдоого ылайыктуу.

**Эсинизде болсун:** Материал тиксотроптук касиетке ээ, аралашпаган абалда коюланып, жабышчаак болуп калуусу мумкун. Калыбына келтируу учун, кол менен же миксер менен жай чалып же шейкерде аралаштыруу кажет.

### ТЕХНИКАЛЫК МУНОЗДОМОЛОРУ:

Жалтырак денгээли -2, терен кунурт
Бекемдиги - 1+
Сарпталышы - 1л/4м2
Колдонуучу чойро - Ички жасалгалоо учун
Сырдоо t +10 дон томон эмес
Тоборсуйт - 6-8 саатта
Алгачкы полимерлешуу - 24-48 саат
Толук кургашы - 30 кунго чейин
Сунушталган катмар:
-Валик мн 3 сыйра
-Уйлотуп  сырдоо (HVLP) 2 сыйра
-Чачыратып  сырдоо (Airless) 2 сыйра

Идиштин колому: 1литр, 5литр

### СЫРДАЛЧУ БЕТТИ ДАЯРДОО

Даярдык денгээли Q3-Q4
0.5мм кем эмес тегиздоочу майшыбак мн шыбалат. Асты таза, кургак жана бекем болушу керек. Ар кандай кемчиликтер (чийик, так, чункур, аспаптын изи ж.б)  болбошу  шарт.

**1.** Шыбалган кургак дубалга Грунт праймер тартылат. Мурда сырдалган дубалга, карниз, молдинг, плинтус, МДФ, ДСП, ДВПга Грунт Кроющий тартуу керек.

**2.** Замша туспол жасалга боегу менен 2 сыйра сырдалат.

**Эсинизде болсун:** сунушталбагандай жука сырдоо же мурда оз алдынча башка тус менен сырдалган туздуктун устунон сырдоо- каалагандай тусту бербей  жана ала-була болуп калышы мумкун.

**АРАЛАШТЫРЫЛГАН БОЕК- УЗАК САКТАЛБАЙТ**
**2 СЫЙРА СЫРДАЛГАН СОН ГАНА СЫРДЫН ТЕКШИЛИГИН(САПАТЫН)  БААЛАСА БОЛОТ**

### ВАЛИК МН СЫРДОО

Кыска же орточо (8-12мм) тугу бар микрофибр же полиамид валиги сунушталат.

Жагымдуураак текстура алуу учун велюр валигин колдонсо болот, бирок бул кобуроок кучту талап кылат.
Чакан жерлерди сырдоодо X жана V формасында, ал эми чон дубалдарды ойдодон ылдый тегиз жана кылдат кыймылдоо менен сырдашат.

Валикти дайыма жакшылап малып, сырды аябай, жана суюлтпай сырдоо шарт.

### УЙЛОТУП  СЫРДОО (HVLP)

Алды менен жакшылап аралаштырыныз. Боектун агымын болушунча жогорулатыныз. Факелдин кийинки катмары 50% тузот. Боек текши жана жагымдуу тушуусу учун, 5-7% кондиционер менен аралаштырса болот.
Сарпталышы: 8-9 м2 1л, 2 сыйра сырдоо сунушталат.

Wagner W690\590 Шайманынын тех.картасын караныз.

### ЧАЧЫРАТЫП СЫРДОО (AIRLESS)

Материал толук даяр, суюлтуу талап кылынбайт. Чачаардан мурда, чыпкаларды алып койунуз. Жумуштун ондурумдуулугун жогорулатуу учун, 0.021-0.023 олчомундогу форсункалар колдонулат.
Минималдуу ондурумдуулук-2.0л/мин

SuperFinish 23 шайманынын тех картасына коз жугуртунуз.

### БЫШЫКТОО

Эмеректерди, ашкананын дубалдарын, эшиктерин ж.б уруntуктуу жерлерди бышыктоо учун  2 компоненттуу лак менен сырдоо талапка ылайык. Лакты замшанын  биринчи полимерлешуусунон кийин колдонуу керек.

**Маанилуу:** Лактагандан кийин, замшанын ону кунурт болуп калышы мумкун. Ошондуктан, адегенде байкап коруу керек. Лактан кийин жалтырактыгы 7 бирдикти тузот.

### СЫРДАЛГАН БЕТТИ КОЛДОНУУ

Тактарды жана издерди нымдуу сулгу, жумшак щетка менен суулап же самындап ойдо-ылдый, капталдан капталга этияттап суртуп кетирсе болот.